**Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН Д.ДЖАМГЕРЧИНОВ АТЫНДАГЫ ТАРЫХ, АРХЕОЛОГИЯ ЖАНА ЭТНОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ**

**Диссертациялык кеңеш Д 07.23.671**

**Кол жазма укугунда**
**УДК:**

**Карабаева Кипариза Нурдиновна**

# КЫРГЫЗСТАНДЫН КООМДУК ТУРМУШУНДАГЫ АЯЛДАРДЫН АБАЛЫ ЖАНА РОЛУ (1991-2021-жылдар)

07.00.02 – Ата Мекен тарыхы

Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип
алуу үчүн жазылган диссертациянын
а в т о р е ф е р а т ы

Бишкек – 2024

Диссертациялык иш К.И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин Тарых жана философия кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчи:** **Осмонов Өскөн Жусупбекович** – КР УИАнын корреспондент-мүчөсү, тарых илимдеринин доктору, профессор, К.И.Скрябин атындагы КУАУнун тарых жана философия афедрасынын башчысы

**Расмий опоненттер:** **Омурова Жамыйкат Орозобековна,** тарых илимдеринин доктору, доцент

Өмүрова Жүрсүн Касымбековна.
Тарых илимдеринин кандидаты, доцент

**Жетектөөчү мекеме** К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин Кыргызстандын жана Чыгыш чет өлкөлөрүнүн тарыхы кафедрасы

Диссертация 2024 - жылдын 25-октябрында саат 13.00дө Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б.Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтуна караштуу тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн уюштурулган Д 07.23.671 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. *Дареги: 720026, Бишкек ш., Фрунзе көчөсү, 547.*

Диссертациялык иш менен Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (720033, Бишкек шаары, Фрунзе көчөсү, 547) жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын (720010, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265а) илимий китепканасынан, ошондой эле КРП Улуттук аттестациялык комиссиясынын https://vak.kg/ сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2024-жылдын 25-сентябрында таркатылды.

**Дессертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**тарых илимдеринин доктору** **А. К. Карыева**

## Диссертациянын негизги мүнөздөмөсү

**Теманын актуалдуулугу.** Ааламдашуу доорунда эл аралык коомчулуктан сырт эч бир мамлекет өз алдынча саясат жүргүзүп, өз алдынча өнүгө албастыгы белгилүү. Кыргызстан дагы коңшу мамлекеттер менен, кайсы бир уюмдарга мүчө-мамлекет катары эл аралык коомчулук менен тыгыз байланышта иш алып барып, Борбордук Азия республикалары менен кызматташтыкта гана ааламдашуунун геосаясий турбуленттигине туруштук бере алат. Дүйнөдөгү болуп жаткан ааламдашуу процесси Кыргызстандын саясий, социалдык жана экономикалык чөйрөлөрүндө трансформация процессин жаратты. Бул процесс калктын бардык катмарларына жана социалдык топторуна өзгөрүүлөрдү алып келди. Доорлор алмашкан убактагы трансформациялар аялдарды өзгөрүүгө дуушар кылды. Аялдар алгач 1917-жылы Совет бийлиги орногондо чоң трансформацияга туш болушса, экинчи ирээт эгемендик шартында 1990-жылдары жүргүзүлгөн экономикалык реформалардын негизинде оор сыноого дуушар болду.

1990-жылдардагы Кыргызстанда болгон социалдык-экономикалык, саясий өзгөрүүлөр аялдардын коомдогу ордунун жана ролунун өзгөрүүсүнө алып келди. Эгемендик жылдарында аялдар экономикалык, социалдык-саясий жана руханий чөйрөдөгү жаңылануу процесстеринде жигердүүлүктөрүн көрсөтүштү. Аялдардын коомдогу статусунун өзгөрүшү менен байланышкан көйгөйлөрдү, бул топту социалдык жактан коргоо, анын рыноктук шарттарга ыңгайлашуу мүмкүнчүлүктөрүн изилдөө актуалдуу маселе экендиги талашсыз.

Бүткүл дүйнөлүк интеграция процессинде аялдардын коомдук турмуштагы абалы жана ролу өзгөрүүгө дуушар болду. Ааламдашуу процесси адамзат баалуулуктарын радикалдуу өзгөртүүгө алып келип, тарыхый өнүгүүнүн негизинде мурунтан калыптанган айрым бир маданий түзүлүштөр жокко чыгарылып, техногендик цивилизациянын жаңы темптери өнүгүүдө. Ар бир мамлекеттин алдында ааламдашуу процесси түзгөн катаал социалдык-маданий, саясий, экономикалык жагдайлардан чыгуу жолдорун, мында аялдардын абалын жана ролун изилдөө диссертациялык иштин актуалдуулугун айгинелейт.

Диссертациялык **теманын ири долбоорлор, илимий программалар менен байланышы:** Диссертация К.И.Скрябин атындагы КУАУнин «Тарых жана философия» кафедрасында аткарылды жана жеке демилгелүү иш болуп эсептелет.

**Изилдөөнүн объектиси:** Кыргызстандын 1991-2021-жылдардагы коомдук турмушундагы аялдардын абалы жана ролу.

**Изилдөөнүн предмети катары** Кыргызстандын 1991-2021-жылдардагы коомдук турмушундагы аялдардын өнөр жай, айыл чарба, социалдык-маданий, жарандык коомдогу абалын жана ролун белгилөөчү шарттар, тенденциялар жана закон ченемдүүлүктөр эсептелет.

**Максаты:** Бир диссертациялык иш менен Кыргызстандын коомдук турмушундагы аялдардын абалы менен ролун көрсөтүү мүмкүн эмес. Ушуга

байланыштуу биз изилдөөнүн максатын жана милдеттерин так аныктап алууга аракеттендик. Диссертациялык иштин негизги максаты - Кыргызстандын эгемендик жылдары (1991-2021жж) аялдардын экономикадагы, социалдык, саясий турмуштагы абалын жана ролун талдап көрсөтүү.

Коюлган максатка ылайык төмөнкү **милдеттер** аныкталды:

- Кыргызстандын коомдук турмушундагы аялдардын абалы жана ролунун (1991-2021жылдар) тарыхнаамасын иликтөө;
- Кыргызстандын коомдук турмушундагы аялдардын абалын жана ролун (1991-2021жылдар) изилдөөдөгү колдонулган тарыхый булактарга, методологиялык негиздерине жана ыкмаларына мүнөздөмө берүү;
- Өнөр жай кризисинин шартында аялдардын ишкердүүлүгүн чагылдыруу;
- Айыл чарбасынын деградациясынын аялдарга тийгизген таасирин талдоо;
- Жарандык коомдун калыптанышында аялдардын ордун көрсөтүү;
- Социалдык-маданий процесстердин өзгөрүү шартында аялдардын абалын изилдөө;
- Аялдардын салттуу жашоо-турмушундагы радикалдуу өзгөрүүлөрүн иликтөө;

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

- Кыргызстандын коомдук турмушундагы аялдардын орду жана ролу (1991-2021жылдардагы) заманбап Кыргыз тарыхнаамасында диссертациялык деңгээлде биринчи жолу комплекстүү изилдөөгө аракет жасалды. Изилденип жаткан теманын тарыхнаамасы талдоого алынып, системага салынды;
- Кыргызстандын алгачкы эгемендүү жылдарда жүргүзүлгөн өнөр жайын, айыл чарбасын менчиктештирүүчү ПЕСАК жана АПЕАК программалары аркылуу трансулуттук корпорациялардын каржылоосунун негизинде экономиканын трансформациялануу процессинде аялдардын абалы изилденди.
- Экономикалык реформа жүргөн жылдары аялдар арасында ишканаларды, кооперативдерди, соода уюмдарын жана тигүү тармагын башкарууга жигердүү ишкер жана менчик ээлери жаңы катмарлары, рынок экономикасынын жаңы кесиби болгон «челнокчу» аялдардын ишмердиги талдоого алынды;
- Аялдарды кулчулукка сатуучу трансулуттук соода Орто Азия өлкөлөрү үчүн салыштырмалуу жаңы көрүнүш катары талданып, Кыргыз Республикасы кулчулук, эмгек жана жыныстык эксплуатациялоо максатында адамдарды сатуунун келип чыкан, транзиттик жана бара турган өлкөсүнө айлануу коркунучу пайда болгону көрсөтүлдү.
- Кыргызстандагы өкмөттүк эмес уюмдардын көпчүлүгүн аялдар түзүшкөнү, алардын түзүлүшүнө трансулуттук корпорациялар эл аралык жана донордук уюмдар аркылуу көмөкчү болушкан. Рынок экономикасынын шартына байланыштуу жумушсуздуктун, жакырчылыктын деңгээлинин жогорулашы аялдардын айрым социалдык, саясий активдүүлүгүнүн өзгөрүшүн шарттаганы аныкталды;
- Коомдун трансформациялануу учурунда үй-бүлөдөгү зомбулуктун күч алышы, нике курагына жете элек жаш кыздарга нике кыюу, жашы жете элек кыздардын эрте эне болуу феномени пайда болушу, өзгөчө жашыруун

латенттүү мүнөздөгү секелек кыздардын зордукталышы, кыз ала качуунун көбөйүшүнө таасир этүүчү факторлор талдоого алынды;

**Диссертациянын илимий-практикалык мааниси.** Изилдөөнүн негизги жоболору, жыйынтыктары, тыянактары Кыргызстандын эгемендик жылдардагы тарыхта аялдардын коомдук турмуштагы абалын жана ролун кененирээк көрсөтүүгө, бул багыттагы көйгөйлүү маселелерди чечүүгө өбөлгө болот. Изилдөөнүн материалдарын жалпы билим берүүчү орто мектептер, орто жана жогорку окуу жайлары үчүн окуу китептерин, атайы курстарды даярдоодо колдонсо болот.

**Коргоого алынып чыккан негизги жоболор:**

- Экономикалык реформа жүргөн жылдары аялдар жаңы социалдык статустарды өздөштүрүп, жигердүү ишкер жана менчик ээлери катмарлары пайда болгон. Рынок экономикасынын шартында аялдар көп эмгектенген, динамикалуу өнүккөн тигүү тармагы калкты иш менен камсыз кылуу көйгөйлөрүн чечип, КМШ өлкөлөрүнүн рыногунда чоң суроо-талапка ээ болгон;
- Аялдар чек аралардын ачылышынын негизинде жаралган мобилдүүлүктүн жогорулашын жана ааламдашуунун шарттарын колдонушуп, рынок экономикасынын «челнок бизнеси» кесибин өздөштүрүшкөн;
- Эгемендүүлүк жылдары өлкөдөгү менчиктештирүү жараткан жакырчылыктын, жумушсуздуктун, туруктуу кирешенин жоктугунан миграция күч алып, анын олуттуу бөлүгүн аялдар түзгөн. Мигрант аялдар акча которуу менен өлкөнүн экономикалык өсүшүнө, жакырчылыктын деңгээлин кыскартууга салым кошкон;
- Кыргызстандык мигрант аялдар арасында адамдын коопсуздугуна шек келтирүүчү «жөнгө салынбаган» жана «мыйзамсыз» көрүнүштөр: терроризм, экстремизм, баңги заттарды жүгүртүү, адам сатуу, уюшкан кылмыштуулук менен байланышы байкалган.
- Улуттук экономиканын өз жарандарын камсыз кыла албашы өкмөттүк эмес уюмдардын республика боюнча көбөйүшүнө түрткү болгон. Алардын көпчүлүгүн аялдар иштеткен. Бул уюмдардын дээрлик бардыгы эл аралык уюдар аркылуу каржыланган;
- Өткөөл мезгилде коомдогу деградациянын күч алышы дискриминациялык мүнөзгө ээ болгон зордоп кыз ала качуу, үй-бүлөдө аялдарга зомбулук, секелек кыздардын зөөкүр адамдар, өгөй аталары тарабынан зордукталуу учурлары, нике курагына жете элек жаш кыздарга нике кыюу, жашы жете элек кыздардын эрте эне болуу феномени көбөйгөн;

**Изилдөөнүн хронологиялык чеги:** 1991-2021-жылдарды камтыйт

**Изилдөөчүнүн жеке салымы.** Диссертациялык иште – Кыргызстанда эгемен жылдары жүргүзүлгөн экономикалык реформалардын негизинде келип чыккан трансформация процессинин натыйжасында аялдардын коомдун экономикалык, саясий, маданий турмушундагы абалы жана ролунун өзгөрүшү иликтөөгө алынды.

**Диссертациянын жыйынтыктарын апробациялоо.** Диссертациянын негизги мазмуну, илимий жыйынтыктары республикалык илимий-

практикалык конференцияларда жана илимий жыйындарда апробацияланды. Автор 2015ж. К.И.Скрябин атындагы КУАУда өткөн «Ааламдашуу шартында салттуу билимдер», 2016ж. Эл аралык Ататүрк-Алатоо университети Кыргыз Республикасынын Кыргызстан аялдарынын конгресси менен бирге уюштурган «Кыргызстан аялдары: реалдуулук жана перспективалар», 2021ж. С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин «Учурдагы билим берүү жана илим изилдөө: санариптештирүү тенденциялары жана анын инсандын руханий-адеп-ахлахтык, денелик өнүгүүсүнө таасири» аттуу илимий-практикалык конференцияларда, 2021-ж. 22-май «Коопсуз миграция жана адам сатууга каршы күрөшүү» боюнча окуу модулу боюнча талкууга катышып, илимий докладдар менен чыгып сүйлөгөн. Диссертациялык иштин материалдары окуу процессинде пайдаланылууда.

**Диссертациянын негизги маани-маңызы.** Тема боюнча диссертант 29 илимий макалала, анын ичинен 7 макаласы чет элдик рецензияланган (РИНЦ) журналдарында жарыялаган.

**Диссертациянын структурасы жана көлөмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, 4 баптан, корутундудан, практикалык сунуштардан, колдонулган адабияттардын, булактардын тизмесинен турат.

## Диссертациялык иштин негизги мазмуну

Иштин **киришүү** бөлүмүндө теманын актуалдуулугу белгиленип, изилдөөнүн деңгээли, объектиси, предмети, иштин максаты жана милдеттери аныкталды, изилдөөнүн методологиялык жана теориялык негиздери, илимий жаңылыгы, дессертациянын практикалык мааниси жана апробацияланышы көрсөтүлдү.

Биринчи бап **«Илимий изилдөөнүн тарыхнаамасы»** деп аталат. Аталган бапта илимий изилдөөнүн тарыхнаамасы 3 топко бөлүнүп каралды: биринчи топко – тарых багытындагы эмгектер, экинчи топко – философиялык, социологиялык, политологиялык багыттагы эмгектер, үчүнчү топко – экономикалык багыттагы эмгектер киргизилип, аларга кыскача мунөздөмө берилди. **Тарыхый багыттагы эмгектерге** кыргыз аялдары тууралу алгачкы маалыматтардан баштап, совет доорундагы, эгемен жылдарындагы илимий изилдөөлөр кирди. XIX кылымдагы кыргыз аялдарынын коомдогу, үй бүлөдөгү орду тууралу Ч. Валихановдун, Н. И. Гродековдун, С. М. Абрамзондун, К. Г. Э. Маннергеймдин, А. Диваевдин, А. Н.Бернштамдын, В. В. Бартольддун, А. Ломакиндин, Ш. Инал-Ипанын, Д. Сапаралиевдин, совет доорунда С. Бекходжаеванын, А. Апышеванын, С. Бегматованын, Ж. С. Татыбекованын, К. А. Бектургановданын, Т. Шайдуллаеванын, эгемендик мезгилде А. Табышалиеванын, Ч. Койчумановданын эмгектери тарыхый принципке ылайык талдоого алынды. Изилденип жаткан мезгил Кыргызстандын эгемен жылдары менен байланыштуу болгондуктан, бул мезгилди изилдеген Дж. С. Бактыгуловдун, Ө. Дж. Осмоновдун, А. А. Асанкановдун, Б. Б.Калманбетованын, У. Чотоновдун, Ж. Момбекованын, А. Табышалиеванын, А. Акуновдун, А. Жуманалиевдин, А. Арзыматованын, Т. А. Абдрахмановдун,

Н. Ж. Эсенкуловдун, Н. С. Усупованын ж.б. авторлордун изилдөөлөрү талданып, бул эмгектер авторлордун объективдүү көз караштарынын чагылдырылышы менен баалуу экендиги белгиленди. Ааламдашуу процессинин, дүйнөлүк экономиканын, саясаттын Кыргызстанга тийгизген таасирин аныктоодо чет өлкөлүк окумуштуулар Г.Киссинджердин, Д.Коулмандын эмгектери да пайдаланылды.

**Философия, социология, политология, демография, педагогика жана юридикалык багыттагы эмгектер** А. Джумагуловдун, Р. Осмоналиеванын, М. М. Эдилованын, К. Т. Иязаливанын, К. Исаевдин, Б. Сарыгулов менен Н. Мкртчандын, А. Солтоеванын, А. Б. Элебаеванын, Ж. К. Урманбетованын, С. М. Абдрасуловдун, Г. Т. Ботокановaнын, А. К. Бектанованын, Ж. Ч. Тегизбекованын, Л. Илебезовдун ж.б. эмгектери пайдаланылды. Илимий изилдөөдө чет элдик жана Россиялык философ, социолог окумуштуулардын эмгегинен Е. Ю. Садовскаянын, И. В. Хренниковдун, С. Г. Климованын, Ф. Флоринскаянын, Р. Тураеванын, Р. Кляйнбахтын, С. Эдлердин ж.б. эмгектери талдоого алынды.

**Экономикалык багыттагы эмгектер** Т. Койчуевдин, У. Ж. Эргешбаеванын, К. Алмакүчүковдун, А. Сарыбаевдин, А. К. Зулпкаровдун, К. Абдымаликовдун, З. И. Кудабаевдин, А. Орузбаевдин ж.б. эмгектери колдонулду. Диссертацияда чет элдик жана Россиялык экономика тармагындагы С. Ю. Глазьевдин, В. Ю. Катасоновдун, Ф. Смирновдун илимий эмгектери да пайдаланды.

Экинчи бап **«Илимий изилдөөнүн методологиясы, изилдөө ыкмалары жана булактык базасы»** эки параграфтан турат. **«Теманын объектиси, предмети, методологиялык негиздери жана изилдөө»** деген параграфында **Изилдөөнүн объектиси**: Кыргызстандын 1991-2021-жылдардагы коомдук турмушундагы аялдардын абалы жана ролун изилдөө.

**Изилдөөнүн предмети**: Кыргызстандын 1991-2021-жылдардагы коомдук турмушундагы аялдардын өнөр жай, айыл чарба, социалдык-маданий, жарандык коомдогу абалы жана ролун белгилөөчү шарттарды, тенденцияларды жана закон ченемдүүлүктөрдү аныктоо.

Диссертациянын методологиялык негизин Кыргыз Республикасынын Конституциясы, мыйзамдары, укуктук документтер, ошондой эле бул маселени изилдеген белгилүү окумуштуулардын эмгектери түздү. Изилдөөдө негизги жалпы илимий жана жалпы тарыхый ыкмалар колдонулду. Жалпы илимий ыкмалардан индукция, дедукция, анализ, синтез, абстракция, салыштырмалуу, критикалык талдоо аттуу ыкмалар колдонулду. Тарыхый фактыларды тандоо жана классификациялоо процессинде өзгөчө тарыхый ыкмалардын түзүмүнө кирген тарыхый-аналитикалык салыштырма, хронологиялык-проблемалык, тарыхый-системалык, структуралык-функционалдык талдоо, тарыхый-институционалдык мамиле, тарыхый-салыштыруу, микросоциалдык мамилелер ыкмалары пайдаланылды. Статистикалык ыкма аркылуу сандык көрсөткүчтөрдүн динамикасы талдоого алынды. Мезгилдештирүү ыкмасы социалдык кубулуштардын, түрдүү коомдук кубулуштардын өнүгүшүнүн этаптарын бөлүп кароого мүмкүнчүлүк

берди. Изилдөө сандык жана математикалык ыкмалардын алкагында корреляциялык анализ, убакытты катарлар түрүндөгү тарыхый маалыматтарды системалаштыруу колдонулду. Республикадагы изилденип жаткан мезгилдеги маданий кайра түзүүлөрдүн жалпы жана өзгөчөлүгүн бир кыйла толук талдоо үчүн тарыхый-маданий микросоциалдык мамилелер ыкмалары да колдонулду.

Экинчи параграфта **«Изилдөөнүн булактык базасы»** дегенде тарыхый булактар маалыматты сактоо, изилдөө ыкмаларын колдонуу жана маалымат мүмкүнчүлүктөрдү жана каныктыруу өзгөчөлүктөрү боюнча жети топко бөлүндү. **Биринчи топтогу** булактарга Кыргыз Республикасынын Конститициясы, КРнын Жогорку Кеңеши кабыл алган жарлыктары, мыйзамдар, стратегиялар, конвенциялар, эл аралык платформалар, нормативдик-укуктук база катары саналган жоболор кирди. Бул топтогу булактар диссертациялык иштин методологиялык негизин, ошондой эле булактык базасын түздү. **Экинчи топтогу булактарга** министрликтердин, агенттиктердин, эл аралык уюмдардын отчеттору, маалыматтары кирди.

**Үчүнчү топтогу** булактарга Улуттук стратегиялык изилдөө институтунун маалыматтары, социологиялык сурамжылоолордун жыйынтыктары кирди. **Төртүнчү топтогу** булактарга эл аралык уюмдардын, чет элдик басылмалардын маалыматтары кирди. **Бешинчи топтогу** булактарды статистикалык, энциклопедиялык маалыматтар түздү. Статистикалык материалдардагы экономикалык көрсөткүчтөр, жашоо-тиричиликтин, жакырчылыктын, зордук-зомбулуктун деңгээли, билим берүү жаатындагы көйгөйлөр жөнүндөгү маалыматтар талдоо, салыштыруу үчүн өзгөчө мааниге ээ. **Алтынчы топтогу** булактарга айрым бир изилдөөчүлөрдүн мезгилдүү басма сөздө жана сериялык тематикалык басылмалардагы аялдардын көйгөйлүү маселелери тууралу байма-бай чыгарылып турган маалыматтар топтолду. **Жетинчи топтогу** булактарга жалпы билим берүүчү окуу жайлардын окуу программасына киргизилип жаткан окуу модулу кирди. Биз колдонгон ар бир булактын топтомдоруна бир катар артыкчылыктар жана кемчиликтер мүнөздүү. Ушуга байланыштуу жогоруда көрсөтүлгөн булактардагы маалыматтарды бири-бирине салыштырып, объективдүү көрүнүштөрдү так көрсөтүүгө аракет кылдык.

Диссертациялык иштеги үчүнчү бап **«Экономиканын трансформация мезгилинде аялдардын абалы»** эки параграфтан турат. **«Өнөр жай кризисинин шартында аялдардын абалы жана ишкердүүлүгү»** деген биринчи параграфта өткөөл мезгилде коомдун бардык чөйрөлөрүндө аялдардын жигердүүлүгүнүн өсүүсү каралат. СССР кулагандан кийин көп жылдар боюу калыптанган экономикалык байланыштар бузулуп, Кыргызстан материалдык жана финансылык оор абалда калган. 1991-жылы кабыл алынган менчиктештирүү мыйзамы ачык-айкын өткөрүлбөй, өзүнө капитал топтоого үлгүргөн айрым бир чакан топторго, жетекчилерге приоритет берилген. Менчиктештирүүчү ПЕСАК программасын Кыргызстандын өкмөтү республиканын мамлекеттик мүлк фонду жана АКШ өкмөтү менен бирдикте иштеп чыккан. АКШ өкмөтү тарабынан каржыланган менчиктештирүү

саясаты өлкөнүн экономикасын талкалоого жана АКШ долларынын улуттук экономикадагы таасирин жогорулаатууга багытталганын турмуш көрсөттү. Кыргыз мамлекетинин өнүгүү мүмкүнчүлүгү Эл аралык Валюта Фондунан (ЭВФ) жана банкынан карыз алынган акча менен тыгыз байланышта болгон. Эгемендик жылдары өлкө трансулуттук банктардан карыз алуу менен көз карандысыздыкка доо келтире турган абалга кириптер болгон. Дүйнөлүк банк тарабынан каржыланган ПЕСАК программасы 1993-1996-жылдары ишке ашырылып, Кыргызстандагы 36 ири өнөр жай ишканалары талкаланып, миңдеген адамдар жумушсуз калган. Завод-фабрикалардагы жабдуулардын көпчүлүгү Россияга, Иранга. Туркияга ж.б. өлкөлөргө арзан баага өткөрүлгөн. Эгемендиктин алгачкы жылдарында башталган экономикалык реформалар талап тоноо, совет мезгилинде курулган имараттарды жана өндүрүш каражаттарын кайрадан бөлүштүрүү менен башталган.

Рынок экономикасынын шартында чек аралар ачылып, Кытайдан, Турциядан ж.б. мамлекеттерден арзан баада товарлар байма-бай кирген. Өлкөдөгү экономикалык, социалдык жана саясий реформалардын татаалдыгына карабастан, аялдардын жашоосунда эмансипация процесси тез жүргөн. Өткөөл мезгилде коомдун бардык чөйрөлөрүндө аялдардын жигердүүлүгүнүн өсүүсү байкалган. Экономикалык реформа жүргөн жылдары ишканаларды, кооперативдерди жана соода уюмдарын башкарууга жөндөмдүүлүгү бар ишкер жана менчик ээлери болгон аялдардын жаңы катмары өсүп чыккан. Бул топтогу аялдардын көпчүлүгү үчүн бизнесте өзүн сынап көрүү мүмкүнчүлүгү ачылган. Жумушчу аялдардын чоң катмары ири ишканаларды менчиктештирүүнүн негизинде жумушсуз калышкан. Жакырлар жана өтө жакырлар арасында басымдуу көпчүлүктү аялдар түзүшкөн. Дүйнөлүк банк Кыргызстанда жакырчылыктын деңгээли 2020-жылы 31% жетип, 60% элдин катмары жакырчылыктын чегинде турганын аныктаган.

Рынок экономикасынын шартында үй-бүлөдө, коомчулукта жумушта аялдардын ролу өзгөрдү. Рынок реформалары көпчүлүк эркектердин салттуу түрдө үй-бүлөсүн материалдык жактан камсыз кылуу милдетин аткара албай калышына алып келип, айрым үй-бүлөлөрдө бул ролду аялдар аткара баштаган. Постсоветтик Борбордук Азияда соода-сатык менен алектенген аялдардын базарларда санынын өсүшү ачык көрүнгөн. Аймакта экономикалык жана социалдык мамилелер трансулутташтырылып, саясий өзгөрүүлөр жүрүп, ааламдашуунун таасири күчөгөн. XX кылымдын 1990-жылдары көптөгөн постсоветтик республикаларында «челнок бизнеси» феномени маасалык мүнөзгө ээ болгон. Жакырчылыктан чыгуунун айласын издеген аялдар өмүрүн тобокелге салып челнок болууга аргасыз болушкан. Челнок болууга салыштырмалуу жогорку билимдүү, мурунку жашоосунда билим берүү, саламаттык сактоо жаатында, өндүрүштө иштеген, илим менен алектенген аялдар аттанышкан. «Челнок» ишкердиги калкты товар менен гана камсыздап турбастан, жумушсуздукту жоюуга да жардам берген. Учурунда челноктор республиканын өнүгүшү үчүн чоң салым кошкон. Алардын эмгегинин аркасында Кыргызстанда «Дордой» соода дүң комплекси түзүлүп, кыска мөөнөт ичинде соода жана лингвистикалык хабга айланган. Болжолдуу

жылдык жүгүртүүсү 3 миллиард АКШ долларын түзгөн «Дордой» өлкөнүн экономикасындагы маанилүү тамыр болуп калган. «Дордой» республиканын ички дүң продукциясынын 30% жакынын түзгөн жеңил өнөр жайдын калыптанышына жана өнүгүшүнө негизги пайдубал түзгөн. Бүгүнкү күндөгү ийгиликтүү фирмалардын жана компаниялардын көпчүлүгүн Борбор Азиядагы эң ири соода дүң базарынан чыккан «челнок соодагерлери» түптөшкөн. «Дордой» базарынын калыптанып, өнүгүүсүндө аялдар чоң салым кошкон, себеби базар жаңы ачылганда анда иштегендердин 99% аялдар түзгөн. 2021-жылы «Дордой» базарында иштегендердин 85% ар кайсы аймактардан келген аялдар түзгөн.

Рынок экономикасы республиканын тигүү тармагынын кайрадан жаралышына, анын өнүгүшүнө түрткү болгон. Эгемендик жылдарында Кыргызстандын тигүү тармагы динамикалуу өнүгүп, КМШ өлкөлөрүнүн рыногунда чоң суроо-талапка ээ болуп, Туркия, Кытай, Италия, Германия сыяктуу өлкөлөрдөн кийинки бешинчи орунга чыккан. Бул тармак азыркы убакта алтындан соң эле Кыргызстандын 100% экспорттоочу сектору болуп саналат. Бул тармак калкты иш менен камсыз кылуу көйгөйлөрүн чечип келген. Тигүү тармагында 2021-жылы 200 миңге жакын кыздар жана аялдар иштеген.

Ошентип, рыноктун конъюктурасы бизнес менен алектенген аялдардын көбөйүшүн шарттаган. Рынок экономикасы аялдардын жигердүүлүгүнө түрткү боло турган шарттарды жараткан.

Үчүнчү баптын **«Айыл чарбасынын деградациясынын аялдарга тийгизген таасири»** деген экинчи параграфында эгемендиктин башында эле республикада айыл чарбасынын өнүгүүсүн рынок экономикасынын шартына ыңгайлаштыруу үчүн агрардык жер реформасы жүргүзүлө баштаганы жазылган. Калкынын 60% айыл жергесинде жашаган Кыргызстан үчүн айыл чарба тармагы жалаң эле экономикалык эмес, саясий жана социалдык мааниге да ээ. 1995-жылы ишке кирген АПЕАК программасы иш жүзүндө колхоз-совхоздорду талкалоого багытталган. Дүйнөлүк банк АПЕАК программасын ишке ашыруу үчүн 41,8 миллион АКШ долларын, Азия Өнүктүрүү банкы 1996-жылы 9,3 миллион АКШ доллар акча каражатын бөлгөн. Бул программанын ишке кириши менен Кыргызстанда 576 колхоз-совхоз жоюлуп, алардын ордуна жеке менчикке негизделген 300 миң дыйкан жана фермердик чарбалар пайда болгон. Канчалаган МТСтер, асыл тукум мал заводдору, үрөнчүлүк чарбалар кыска мөөнөттүн ичинде таланып-тонолуп, арзан баага сатылып жок болгон. Кыргызстандын айыл чарбасындагы кризис элдин турмуш деңгээлине терс таасир этип, айыл жергесинде жакырчылык күч алган. Ушундай кырдаалда, рынок экономикасынын айыл чарбасына тийгизген кедергисине карабастан, жаңы шартка ыңгайлашкан жигердүү аялдардын тобу жаралган.

Элетте жумушсуздук өскөн. Айыл калкына кредит, маалымат, жаңы технологиялар жетишкен эмес. Аймактарда жумушсуздуктун айынан миграция күч алып, анын олуттуу бөлүгүн аялдар түзгөн. Эгемендик жылдары эмгек миграциясы Кыргызстан үчүн эң мүнөздүү көрүнүштөрдүн бири болуп, жумуш табуунун туруктуу негизи, жакырчылык деңгээлин кыскартуучу

мүмкүнчүлүк катары саналган. Мигранттардын акча которууларынын натыйжасында үй-бүлөлөрдүн жашоо деңгээли оңоло баштаган. Эмгек мигранттары акча которуу менен өлкөнүн экономикалык өсүшүнөда да салым кошкон. Дүйнөлүк банктын маалыматы боюнча акыркы 2017-2021-жылдардын ичинде Кыргызстандын эмгек мигранттарынын акча которуулары көбөйгөн. 2018-жылы республикага рекорддук 2,6 миллиард АКШ доллары которулуп, ички дүн продукциянын (ИДП) 35% чейин түзүү менен Кыргызстан дүйнөдөгү ИДПга эң көп салым кошкон өлкө болгон. 2020-жылы миграттар тарабынан РФдан Кыргызстанга 2 миллиард 377 миллион доллар которулуп, чет өлкөдөн которгон каражаттардын 98% түзгөн. Эгемендик жылдары дүйнөнүн 42 мамлекетинде жашаган кыргызстандыктар диаспора катары калыптанган.

ССCРдин кулашы саякаттарга, миграцияга жана жеке соодага чек араны ачып, ал өз учурунда кылмыштуу уюмдардын ишмердүүлүгүнө да шарт түзгөн. Миграциялык процесстерде айыл тургундары, өзгөчө аялдар өз укуктарынын сакталышы жагынан өзгөчө аярлуу социалдык-экономикалык топторго айланды. Аялдарды кулчулукка сатуучу трансулуттук соода Орто Азия өлкөлөрү үчүн салыштырмалуу жаңы көрүнүш. Кыргызстандагы адам сатуу кылмышы биринчи жолу 1996-1997-жылдары Эл аралык Миграция Уюму (ЭМУ) жана Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюму тарабынан катталган. 2002-2013-жылдары КРнын ИИМ тарабынан 220 адам сатуу актысы катталып, ар бири боюнча кылмыш иши козголгон. Кыргызстанда адам сатуу боюнча расмий маалыматтар жок, болгону эксперттик гана баа берилет. Серепчилердин маалыматы боюнча, 2000-жылдары жыл сайын 15 миң Кыргызстандын жараны адам сатуучулардын курмандыгы болуп, 24 миңи кулчулуктун шартында жашап, алардын 70% мигранттар түзгөн. GSM PPKR маалыматы боюнча, 2016-жылы Кыргызстанда кулчулуктан бошотулган 175 адамдын жарымы аялдар болгон. ЭМУнун кыргызстандык бюросунун билдирүүлөрү боюнча, жыл сайын чет өлкөлөрдөн кулчулукка сатылган 800 жакын адам мекенине кайтарылган. Серепчилер бул өлкөдөн чыгарылгандардын 10% жакынын гана түзөөрүн белгилешет. Сирия менен Иракта согуш башталгандан бери 2010-2016-жылдардын аралыгында терроризм менен күрөш жүргүзгөн улуттук органдар Ислам мамлекети террордук уюмуна 863 кыргыз жарандары кошулуп, алардын 188 аялдар экендигин белгилешкен. АКШнын Мамлекеттик Департаментинин 2015-жылкы билдирүүсүндө КР кулчулук, эмгек жана жыныстык эксплуатация максатында адамдарды сатуунун келип чыккан, транзиттик жана бара турган өлкөсү деп жазылган. Бул докладда кыргыз аялдары Кыргызстандан Бириккен Араб Эмираттарына, Сирияга, Турцияга, Кипрге, Грецияга, Кытайга, Түштүк Кореяга, Таиландка жана Германияга жыныстык эксплуатация үчүн чыгарылып кетээри жазылган. Мыйзамсыз миграция кылмышкерлер тарабынан жашыруун жүргүзүлгөндүктөн, курмандыктарынын санын тактоо татаал маселе. Адамзат коому көптөгөн жылдардан бери адамдарды кулчулукка сатууга каршы күрөшүүдө, бирок бул көйгөй өсүп келүүдө.

Себеби, дүйнө мамлекеттеринин арасында адам сатуу көйгөйү керектүү резонанска ээ болбой келүүдө.

Төртүнчү бап **«Аялдардын социалдык-сасий активдүүлүгүнүн өзгөчөлүктөрү»** деп аталып, үч параграфтан турат. **«Жарандык коомдун калыптанышында аялдардын ролу»** деген биринчи параграфта постсоветтик өлкөлөрдөгү социализмдин кулашы менен байланышкан радикалдык социалдык-саясий трансформациялар коомдук өнүгүүнүн жаңы идеологиялык зарылчылыгы катары жарандык коомду жандандырганы жазылган. 2020-жылы жарандык сектордун олуттуу бөлүгүн түзгөн өкмөттүк эмес уюмдардын саны 8 миңден 12 миңге чейин жетип, алардын 80% аялдар жетектеген. Кыргызстанда 1990-жылдардын башында өкмөттүк эмес уюмдардын түзүлүшүнө эл аралык жана донордук уюмдар көмөкчү болуп, 90-100% чейин каржылаган. Эл аралык уюмдар Кыргызстандагы өкмөттүк эмес уюмдар аркылуу социалдык-саясий процесстерди көзөмөлгө алууга аракеттенишкен. Ар бир өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн аркасында трансулуттук корпорациялар турары белгилүү. Тарансулуттук корпорациялар жана трансулуттук банктар «күчүнө жараша» бөлүп, «ааламдашуу» доору жаралды. Бүгүнкү күндө бири-бири менен карама-каршы «батыштын принциптерин таркатуучу тартип» жана «радикалдык исламды актоочу тартип» күчтөрү бир баланста турат. Активдүү донорлор болуп ПРООН, Сорос Фонду, ЮСАИД, Глобалдык экологиялык фонд, «Демократияны колдоо Улуттук фонду» (АКШ) ж.б. эсептелип, алардын каржылоосун Бишкектеги Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюмунун (ЕККУ) өкүлчүлүгү көзөмөлгө алган.

Бийликтин жаңыланып турушу аялдардын канчалык деңгээлде саясий жана чечим кабыл алуу процесстерине интеграцияланышына байланыштуу. Шайлоо кодексине аядар үчүн милдеттүү 30% квота киргизилген болсо да, 2020-жылы бул көрсөткүч улуттук деңгээлде 9,2% төмөндөгөн. Кыргызстанда аялдар саясатка кызыгышат, бирок алардын 8-10% гана өз укуктарын саясий жол менен коргоону туура көрүшөт. Ал эми өкмөттүк эмес уюмдардын лидерлеринин арасында бул 35% жогору. БУУнун билдирүүсүндө 2021-жылы 193 өлкөнүн 22 өлкөсүндө гана аялдар мамлекетке жетекчилик кылган. Орто Азия өлкөлөрү боюнча жалгыз Р.Отунбаева 2010-жылы КРнын өткөөл мезгилдеги президенти болуп шайланган.

Экинчи параграф **«Аялдар социалдык-маданий процесстердин өзгөрүү шартында»** дегенде эгемен Кыргызстандагы билим берүү коомдун туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылган стратегиялык багыт катары каралып, аялдардын тең укуктуулукка жетүүсүнүн негизги жолдорунун бири болуп ар кандай деңгээлдеги билимди үзгүлтүксүз өркүндөтүү саналары жазылган. 2001-жылдан 2010-жылга чейин «Миң жылдыктын өнүгүү стратегиялык максаттарын» түзгөн бир катар долбоордук документтер жана программалар кабыл алынган. Социалдык стратификация процессинин терендешине байланыштуу, билим алуу коомдун бардык катмарлары үчүн жеткиликтүү эмес экендиги аныкталды. Эгемендик жылдары өлкөдө мектеп окуучулары арасында билим деңгээли түшүп кеткен. Мектепке чейинки билим берүү

мекемелердин саны кескин түрдө 70% кыскарган. Мектепке чейинки мекемелерге, мектептерге барбаган 17 жашка чейинки балдардын категориясы пайда болуп, саны көбөйгөн. Мисалы, 2010/2011-окуу жылында 7-15 жашка чейинки окубаган кыздардын саны 4433, эркек балдардын саны 4873 чейин көбөйгөн. ЮНЕСКОнун 2012-жылкы маалыматы боюнча, 2009-жылы 66 миңден ашык бала мектепке барган эмес. Өлкөдө балдардын эмгегин колдонуу жогорулаган. Жогорку билим берүү чөйрөсүндө гендердик дисбаланс сакталып, кыздар кесип тандоодо инженер, айыл чарба, архитектура жана курулуш, транспорт адистиктер боюнча окууну каалагандар азчылыкты түзгөн.

Социалдык-экономикалык жана маданий өзгөрүүлөр биринчи кезекте саламаттык сактоо тармагынын жетишкендиктерине байланыштуу экендиги талашсыз. КМШ мамлекеттеринин ичинен Кыргызстан энелердин өлүмү боюнча биринчи орунда турат. Кыргызстанда 2019-жылы 100 миң төрөлгөн балага карата 25 аял каза болгон. 2018-жылы төмөнкү көрсөткүчтөр Россияда 9, Азербайжанда 12 аял катталган. БУУнун маалыматы боюнча Кыргызстан СПИД оорусу менен ооругандардын санынын көптүгү боюнча дүйнөдөгү жети өлкөнүн бири болуп саналат. 2005-жылы бул ооруга чалдыккан 826 бейтап катталса, 2016-жылы 6 миң 730 учур белгиленип, 10 жыл ичинде 8 эсе өскөн. Эгемендик жылдары аялдар арасында сүт безинин жана жатын моюнчасынын онкологиялык оорулары менен ооругандардын саны кескин өскөнү байкалган. 2015-жылы 557, 2019-жылы 625 биринчи жолу сүт безинин онкологиясы, 2018-жылы 69 миң жатын моюнчасынын онкологиясы катталып, анын 30 миңи өлүм менен аяктаган.

**«Аялдардын салттуу жашоо-турмушундагы радикалдуу өзгөрүүлөр»** аттуу үчүнчү параграфта изилдөөлөр эгемендик жылдары Кыргызстанда аялдардын салттуу жашоо-турмушунда бир катар радикалдуу өзгөрүүлөр болгондугу баяндалат. Өткөөл мезгилди башынан өткөрүп жаткан коомдогу жалпы чыңалуу шартында аялдарга карата «жабык эшиктер артындагы» зордук-зомбулук көбөйүп, региондордо аялдардын үйдө жана коомдук жайлардагы коопсуздугу олуттуу начарлаган. Борбор Азиядагы БУУ аялдар бөлүмүнүн 2019-жылкы маалыматы боюнча күн сайын 137 аял үй-бүлө мүчөсүнүн колунан набыт болушкан. Республикадагы зомбулуктун көбөйүшү тууралу жабыркаган аялдардын кризистик борборлоруна 16 жаштан 25 жашка чейинки кыз-келиндер зомбулук болгон учурда жардам сурап кайрылышканы кабар берет. Жыл сайын Кыргызстанда 480 аял күйөөсүнүн же туугандарынын колунан набыт болот, же ур-токмоктун натыйжасында катуу жаракат алышат. Республикалык соттук экспертиза бюросунун филиалынын 1998-жылкы маалыматтардында ай сайын зомбулукка кабылган 40-50 аял Бишкектеги ооруканаларга жаткырылат. 20-25 чейин аялдар амбулатордук жардам алуу үчүн реанимацияга кайрылышып, алардын 40% күйөөсү же өнөктөшү тарабынан сабалган. Ал эми жылына 170 учур гана соттук-медициналык экспертиза бюросунда тастыкталган. Жыныстык мүнөздөгү зордуктоодон жабыр чеккендердин 50%-80% чейинкилери 16-17 жаштагы секелек кыздар болгон. КРнин ИИМдин билдирүүсүндө 2021-жылы 8 миңге жакын үй-бүлөлүк зомбулук катталып, 30% көбөйгөндүгү белгиленген. Эң өкүнүчтүүсү

аялдарга карата зордук-зомбулук адам өзүн коопсуз сезе турган жерде, көбүнчө өз үйүндө болоору аныкталган. COVID-19 пандемиясы аялдарга карата үй-бүлөлүк зомбулуктун деңгээлинин өсүшүнө алып келген. Кыргызстан WPR Index аялдар үчүн коопсуздук индекси боюнча 170 мамлекеттин ичинен 97-орунду ээлеген. Бул Орто Азия үчүн эң төмөнкү көрсөткүч. Кыргызстандан да жаман абал Афганистанда, Сирияда, Йеменде, Пакистанда жана Иракта белгиленген.

Эгемендик жылдары «кыз ала качуу» негативдүү салтка айланып, жашоонун көндүмүнө өткөн. ЮНИСЕФтин маалыматы боюнча, Кыргызстанда 24 жашка чейинки аялдардын 13,8% мажбурлап турмушка чыгышкан. 1994-1996-жылдары укук коргоо органдары тарабынан 64 «кыз ала качуу» катталган. Серепчилердин эсеби боюнча этникалык кыргыздын ар бешинчиси ала качуунун натыйжасында никеге турган. Эл аралык уюмдардын маалыматтары боюнча республика боюнча жылына 14-16 миң кыз ала качуу фактысы аныкталган. Аялдарга жардам борборунун маалыматы боюнча, бир жыл ичинде 12 миң кызды күч колдонуу менен ала качышып, алардын 2 миңге жакыны зордукталган.

Кыргыз элинин турмушунда баалулуктар ченинде материалдык байлыктан руханий чөйрө жогору тураары белгилүү. Кыргыз эли руханий дүйнөсү аркылуу ааламдашуу мезгилинде башка улуттардын жана маданияттардын өкүлдөрүн тарта алмак. Тилекке каршы ааламдашуу доорунда кыргыз кызы «руханий баалуулуктан» материалдык нерсеге айланды. Салттуу кыргыз коомунда кыз ала качуу мыйзамсыз деп таанылган. Бирок «ала качуу» совет доорунда кыргыз кыз-келиндеринин үчтөн бир бөлүгүнө таасир эткен. Бул көрүнүш КРнын мыйзамына, ислам дининин, эл аралык укук мыйзамдарына жана өлкө кошулган конвенцияларга каршы келет.

Кыргыздардын маданиятында аялдарга кордук көрсөтүүнүн бир түрү катары айыпталат. БУУнун маалыматтарында, Борбордук жана Түштүк Азия чөлкөмүндө жашы жете элек өспүрүмдөр арасында никелердин эң жогорку пайызы белгиленген. Статистика боюнча Кыргызстанда жашы жете элек жарандар менен никеге туруу жалпы никеге тургандардын ичинен 12% түзөт. Жыл сайын 7-9 миңдей жаш кыздар турмушка чыгаары аныкталган. Мыйзамдуу каттоодон өтпөгөн, диний ырым-жырымдар боюнча никеге турган учурлар аз эмес. Мусулман дин кызматкерлеринин биринчи жана экинчи аял катары нике курагына жете элек жаш кыздарга нике кыйып, үй-бүлө жана кылмыш мыйзамдары бузулган учурлар кездешкен. Жашы жете элек кыздарга карата жыныстык кылмыштардын динамикасы туруктуу өсүп жатканы өкүнүчтүү. Изилдөөлөр секелек кыздардын өгөй аталары тарабынан зордукталып, кош бойлуу болушу өңдүү фактылардын өсүшүн көрсөттү. Аялдарга жана кыздарга карата зордук-зомбулуктун көбөйүшү, анын узак мезгил бою чечилбей келгенинен кабар берет. Өзгөчө COVID-19 пандемиясы бул көйгөйдү андан да күчөтүп, зордук-зомбулуктун деңгээли карантин мезгилинде бир нече эсе жогорулагандыгын да изилдөөлөр көрсөттү.

## КОРУТУНДУ

Эгемендик жылдары Кыргызстандын коомдук турмушунда аялдардын абалы жана ролу бир кыйла өзгөрүүгө дуушар болду. Коомдун өткөөл абалы жараткан көптөгөн социалдык-экономикалык көйгөйлөр аялдарга да өзгөчө таасирин тийгизген. Кыргызстан эгемендик жылдары трансулуттук банктардан чоң суммадагы ири карыздарды алган. Трансулуттук корпорациялардын, банктардын Кыргызстандын алгачкы эгемендик жылдарында жүргүзүлгөн өнөр жайын, айыл чарбасын менчиктештирүү иши ПЕСАК жана АПЕАК программалары аркылуу каржыланып, мунун жүрүшүндө коомдогу аялдардын абалы өзгөргөн. Массалык менчиктештирүүнүн натыйжасында «жаңы социалдык статусту» жакшы өздөштүргөн «номенклатуралык менчик ээси» деп эсептелинген жаңы аялдар тобу пайда болгон. Республикадагы рыноктук экономикалык мамилелерге ылайык, аялдардын турмушунда эмансипация процесси жүргөн. Аялдар арасында ишкерлер менен менчик ээлеринин катмарлары пайда болгон. Ишканаларды, кооперативдерди жана соода уюмдарын башкарууга жөндөмдүү, жигердүү аялдардын жаңы катмары түптөлүп, өзгөчө рынок экономикасынын жаңы кесиби болгон «челнокчу» аялдардын топтору пайда болуп, элге керектүү товарларды ташып келе баштаган. Өткөөл мезгилде «челнок аялдар» өлкөнүн экономикасын сактап калууга салымын кошуп, жергиликтүү калкты товар менен, жумушчу орундары менен камсыздашкан.

Өнөр жайдын кризиси жана рынок экономикасы тигүү тармагы менен цехтерди жараткан. Тигүү тармагы аялдарды жумушчу орун менен камсыз кылып, тигүүчүлүк каражат табуунун булагына айланган. Эгемендик жылдары «жигердүү ишкер», «менчик ээлери», «тигүүчүлөр же цех ээлери» аттуу аялдардын топтору пайда болгон. Албетте 2020-2021-жылдардагы пандемия ишкердүүлүккө чоң залакасын тийгизип, карантиндик чектөөлөр ишкердүүлүктү басаңдаткан. Натыйжада, аялдар көп иштеген ишканалар (текстиль, мейманкана жана коомдук тамактануу жайлары) жабыркаган.

Массалык жумушсуздуктун жана жакырчылыктын өсүшүнөн, социалдык камсыздоонун начардыгынан, өзгөчө айыл жериндеги аялдардын көпчүлүгү материалдык жыргалчылык жана жеке муктаждыктарын канааттандыруу үчүн шаарларга жана чет өлкөлөргө миграцияга кетүүгө аргасыз болушкан. Мигрант аялдардын акча которуулары үй-бүлөнү камсыздоо булагына айланган. Жакырчылыктын айынан аялдар өз укуктары бузулган эмгек жана жашоо шарттарын кабыл алууга аргасыз болушкан. Айрым учурда эмгек мигранттары адам сатуу коркунучуна кабылышкан. Адам сатууга дуушар болгондордун 70% аялдар жана кыздар түзүп, 96% жыныстык эксплуатациянын курмандыктары болушкан. Адам сатуу кылмышы жазасыз кала берген. Жыл сайын 15 миң жаран адам сатуунун курмандыгы болуп, 24 миң адам кулчулуктун шартында жашаган. Кыргызстан аялдарды кулчулукка сатуучу трансулуттук соода өлкөлөрдүн катарына кирген.

Өткөөл мезгилде аялдардын саясатка аралашуусу төмөндөгөн. Кыргызстанда парламентте 30% квота болгондугуна карабастан, мамлекеттик

органдарда аялдардын өкүлчүлүгү азайган. 2020-жылы бул көрсөткүч 19,3% төмөндөгөн. Рынок экономикасынын шартында жумушсуздук күч алганына байланыштуу, айрым жарандардын радикалдык агымдарга өтүп кетүүсү тездеген. Жакырчылыктын деңгээлинин жогорулашы маргинал топторду жаратып, өлкөнүн саясий, социалдык, экономикалык абалына терс таасирин тийгизген.

Кыргызстандагы өкмөттүк эмес уюмдардын көпчүлүгүн аялдар түзүшкөн. Алардын түзүлүшүнө ири каржы холдингдерди, күч структураларды, атайын кызматтарды, массалык маалымат каражаттарды, саясий партияларды көзөмөлдөгөн трансулуттук корпорациялар эл аралык жана донордук уюмдар аркылуу көмөкчү болушкан. Өкмөттүк эмес уюмдар жана массалык маалымат каражаттары республиканын бардык региондоруна таасир этүү максатында өздөрүнүн филиалдарын ачышкан. Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн аркасында трансулуттук корпорациялар турган. Эл аралык уюмдар өкмөттүк эмес уюмдар секторунун калыптанышында негизги ролду ойноп, алар тарабынан 90%–100% чейин каржыланган. Албетте, өкмөттүк эмес уюмдардын ишмердүүлүктөрү ар түрдүү. Айрым өкмөттүк эмес уюмдар тарабынан көптөгөн аярлуу жарандарга юридикалык бекер жардам көрсөтүлгөн, жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана мамлекеттик структуралар үчүн тренингдер өткөрүлүп, аналитиканы иштеп чыгышкан.

Эгемендик жылдарда рынок экономикасы өлкөнүн экономикалык, социалдык жана билим берүү тармактарындагы актуалдуу көйгөйлөргө жана коом алдында институционалдык милдеттерин аткара албаган билим берүү мекемелеринин жоопкерчиликсиз мамилесине алып келип, анын жемиши катары өткөөл мезгилде өлкөдө сабатсыз жаштар пайда болгон. Кесип тандоодо кыздардын билимге тартылуу көрсөткүчтөрүнүн жакшырганына карабастан, 9-класстан кийин окууну таштоо тенденциясы күчөгөн. Жакыр үй-бүлөлөрдөн чыккан минималдуу билимдин деңгээлине ээ болбогон балдардын мектепке барбай калуу феномени пайда болуп, алардын саны жылдан жылга өскөн. Жогорку билим берүү деңгээлинде кесип тандоодо гендердик сегрегация сакталган. Саламаттыкты сактоодо жана коомдук илимдерде аялдар көпчүлүктү түзгөн. Табигый илимдер, инженердик техникалык адистиктер, курулуш, аскер иштери, транспорттук адистиктер, балык чарбалары эркектердин артыкчылыгы кала берген.

Республикада үй-бүлөлүк зордук-зомбулук жылдан жылга өскөн. Муну менен кактар кыз ала качуу көбөйүп, жашоонун көндүмүнө айлана баштаган. Бул кылмыш көп учурда жазасыз калган. Жашы жете элек өспүрүмдөрдүн никеге туруусу, эрте төрөт деңгээли жогору болгон. Мыйзамдуу каттодон өтпөгөн диний ырым-жырымдар боюнча никеге турган учурлар кезиккен. Нике кыюу үй-бүлөнүн жаралышынын далили катары кабыл алынып, нике популярдуулугу өскөн. Жашыруун латенттүү мүнөздөгү секелек кыздардын зордукталышы көбөйгөн. Коомдун моралдык деградацияланышы аялдарга карата үй-бүлөлүк зомбулуктун деңгээлин жогорулатып, нике курагына жете элек жаш кыздарга нике кыюу, жашы жете элек кыздардын эрте эне болуу феноменин пайда кылган.

Изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча аялдардын коомдогу ордун жана ролун көтөрүү үчүн томөндөгүдөй сунуштарды аныктоону туура көрдүк:

- жигердүү иш жүргүзгөн «ишкер аялдардын» жаңы катмарын колдоо иретинде жеңилдетилген шартта насыяларды кеңейтүү зарыл. Өкмөт тарабынан чакан фирмаларды санарип технологияга, интернет соодага өткөрүүдө ири санариптик кызмат көрсөтүүчүлөр менен байланышууга жардам көрсөтүүсү керек;
- тигүү тармагынын продукциясын экспорттоону жогорулатуу менен, санариптештирүүнү, насыянын кошумча кепилдиктерин жана субсидияларды, экспорттук ваучерлерди, жаңы салыктык жеңилдиктерди жана өнөр жай ишканалары үчүн төлөө ийкемдүүлүгүн түзүү, электрондук соода,
электрондук декларациялар, бардык уруксаты бар регуляторлорду каттоо үчүн бирдиктүү терезе, продукциянын сапатын көзөмөлдөөчү автоматтык система, накталай эмес акча жүгүртүү менен технологиялык түзүлүштүн башка жетишкендиктери өздөштүрүлүп жана мамлекеттик жөнгө салуунун эффективдүүлүгүн кескин түрдө жогорулатуу мезгилдин талабы болуп турат;
- коомдук тамактануу, мейманкана тармагы, транспорт жана туризм чөйрөсүнө каржылык жардам программалары аркылуу кошумча колдоо, жаңы технологиялык негизде түзүлгөн транспортту, телекоммуникацияны, энергетикалык жана турак жай-коммуналдык инфраструктураны модернизациялоо маселесин чечүү зарыл;
- региондордо жумушчу орундарды түзүү, ортоңку тапты күчтөндүрүү, туризм, жеңил өнөр жай, кол өнөрчүлүк сыяктуу келечектүү багыттарга аялдарды тартууга мүмкүндүк берүүчү чыгармачыл тармактарды өнүктүрүүгө көңүл буруу учурдун талабы.

Төмөндөгү сунуштардын аткарылышы да аялдардын коомдогу ордун жана ролун жогорулатмак:

- мигрант аялдардын акча которууларын туура инвестициялоо үчүн шарттарды камсыздоо;
- аялдарды кулчулукка сатуучу трансулуттук соода жүргүзүүчү өлкөлөрдүн катарындагы Кыргызстанда кылмыштуулуктун бул түрүн компетенттүү органдар тарабынан катуу көзөмөлгө алуу;
- улуттук деңгээлде мамлекеттик органдарда аялдардын өкүлчүлүгүнө 30% квотаны иш жүзүнө ашыруу;
- өлкөнүн стабилдүүлүгүнө доо келтирүүчү кыймылдарды түзгөн, кыргыз аялдарынын салттуу кулк мүнөзүнө жат келген өзгөчө адепсиз, тартипсиз аялдар тобунун жаралышына бөгөт коюу максатында катуу көзөмөлгө алуу;
- жаңы технологиялык түзүлүштүн негизин түзгөн көбүнчө аялдар эмгектенген саламаттыкты сактоо жана билим берүүгө мамлекеттик чыгымдарды бир жарым эсеге көбөйтүү зарыл. Ал эми илимий-изилдөө жана тажрыйбалык конструктивдик иштерди, өзгөчө молекулярдык биология, гендик инженерия жана клеткалык технология, нанотехнологиялык жабдууларды, санариптик, лазердик жана аддитивдик технологияларды, гелиоэнергетика, нанопорошоктор жана жаңы материалдарды жасоо тармагындагы илимий иштеп чыгууларды каржылоону бир топ көбөйтүү;

- социалдык тармакта, өзгөчө билим берүү тармагында реформалоо жолу менен жакыр үй-бүлөдөн чыккан мектепке барбай калган балдарга өзгөчө көңүл буруу, 9-класстан кийин окубай калган кыздар үчүн кесипчилик курстарын уюштуруу;
- аялдарга болгон ар түрдүү зомбулуктун түрлөрүнө, үй-бүлөлүк зомбулукка, кыз ала качуу, балдардын укуктарын одоно бузган басмырлоочу, жашы жете элек өспүрүмдөрдүн никеге туруусуна бөгөт коюу чараларын киргизүү;
- жашы жете элек секелек кыздарды зордуктоого бөгөт коюу, мамлекеттик органдар жана коомчулук тарабынан кескин түрдө айыптоо жазаларын күчөтүү.

Кыргызстандын биз изилдеген эгемендик жылдарында пайда болгон маселелерди чечүү аялдардын коомдогу абалын жана ролун бир кыйла көтөрөт деген ишеним бар.

**Диссертациянын мазмуну төмөнкү басылмаларда чагылдырылган:**

1. Карабаева, К.Н. К вопросу о «феминной» специфике бедности в Кыргызстане [Текст]/ К.Н.Карабаева // Казахский Национальный Университет им. Аль-Фараби Вестник серия философия серия политология серия культурология – Алматы. – 2005. – №2 (24). 177-180-бб.
2. Карабаева, К.Н. О социальных проблемах в системе образования Кыргызстана [Текст]/ К.Н.Карабаева // Международная Академия Наук педагогического образования МАНПО International Teacher’s Training Academy of Sciences «Европа и современная Россия. Интегративная функция педагогической науки в едином образовательном пространстве» «Europe and contemporary Russia. Pedagogical theory integrative function in the world educational domain» Proceedings of the IX International Conference August 18-19, 2012 Madrid Moscow- Madrid 2012 – Москва-Мадрид. – 2012. 91-96-бб.
3. Карабаева, К.Н. Проблемы умыкания невесты в традиционной кыргызской семье [Текст]/ К.Н.Карабаева // Вестник КНАУ им. К.И. Скрябина. -2015. – №3 (35). 192-196-бб.
4. Карабаева, К.Н. Фактор миграции в Кыргызстане [Текст]/ К.Н.Карабаева // Сборник научных трудов КНАУ им. К.И. Скрябина. -2018. 110-113-бб.
5. Карабаева, К.Н., Осмонов, Ө.Ж. Кыргызстандагы аялдардын салттуу тутумундагы радикалдуу өзгөрүүлөр [Текст]/ К.Н.Карабаева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана – 2021. – №9,2021. 230-233-бб.
6. Карабаева, К.Н. Женщины Кыргызстана в условиях рыночной экономики [Текст]/ К.Н.Карабаева // Вестник Технологического Университета Таджикистана. Душанбе. – 2021. – №2 (45). 191-196-бб.
7.Карабаева, К.Н. Кыргызстандын эгемендүүлүк жылдары айыл чарбасындагы деградаяцинын аялдарга тигизген таасири [Текст]/ К.Н.Карабаева // Вестник КНАУ им. К.И. Скрябина. -2022. №2(63). 162-170-бб.
8.Карабаева, К.Н. Женщины Кыргызстана в условиях трансформации социокультурных процессов (1991-2021) [Текст]/ К.Н.Карабаева // Гуманитарные -педагогические исследования Магнитогорский государствен

ный технический университет им.Г.И.Носова. -2023 Т. 7 № 3. 39-45-бб.
9. Карабаева, К.Н. Проблемы безопасности женской трудовой миграции в Кыргызстане (1991-2021годы) [Текст]/ К.Н.Карабаева // Гуманитарные - педагогические исследования Магнитогорский государствен ный технический университет им.Г.И.Носова 2024 Т.8 № 1. 50-59-бб.

**Карабаева Кипариза Нурдиновнанын «Кыргызстандын коомдук турмушундагы аялдардын абалы жана ролу (1991-2021-жж)» деген темада 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр**: Аялдар, ааламдашуу, трансулуттук корпорациялар, жигердүүлүк, ишкердүүлүк, экономикалык трансформация, радикалдык өзгөрүүлөр, деградация.

**Диссертациянын максаты**: Кыргызстандын эгемендик жылдары (1991-2021жж) аялдардын экономикадагы, социалдык, саясий турмуштагы ээлеген ордун жана абалын талдап көрсөтүү.

**Изилдөөнүн объектиси**: Кыргызстандын 1991-2021-жылдардагы коомдук турмуштагы аялдардын абалы жана ролу.

**Изилдөөнүн предмети**: Кыргызстандын 1991-2021-жылдардагы коомдук турмушундагы аялдардын өнөр жай, айыл чарба, социалдык-маданий, жарандык коомдогу орду жана ролун белгилөөчү шарттар, тенденциялар жана закон ченемдүүлүктөр эсептелет.

**Изилдөөнүн ыкмалары**: тарыхый процесстерди анализдөөдө колдонулган тарых илиминдеги ыкмалардын жыйындысы – диссертациянын теориялык-методологиялык негизин тарыхыйлуулук, диалектикалык биримдик, системалык-структуралык жана салыштырмалуу ыкманын принциптерин автор жетекчиликке алууда аракет жасады.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Кыргызстандын коомдук турмушундагы аялдардын абалы жана орду (1991-2021-жылдардагы) заманбап Кыргыз тарыхнаамасында диссертациялык деңгээлде биринчи жолу комплекстүү изилдөөгө алынды. Трансулуттук корпорациялардын каржылоосунун негизинде экономиканын трансформация процессинде аялдардын абалы изилденип, аялдар арасында жигердүү ишкер жана менчик ээлери талдоого алынды. Кыргыз Республикасы соода трансулуттук аялдарды кулчулукка сатуунун келип чыккан, транзиттик өлкөсү болуп бара жатканы көрсөтүлдү. Трансулуттук корпорациялар эл аралык жана донордук уюмдар аркылуу көпчүлүгүн аялдар түзгөн өкмөттүк эмес уюмдардын түзүлүшүнө көмөкчү болгон. Коомдун трансформация шартында үй-бүлөдөгү зомбулук күч алып, секелек кыздардын зордукталышы, эрте эне болуу феномени пайда болуп, талдоого алынды.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси.** Изилдөөнүн негизги жоболору, жыйынтыктары, тыянактары Кыргызстандын эгемендик жылдардагы тарыхта аялдардын коомдук турмуштагы абалын жана ролун кененирээк көрсөтүүгө, бул багыттагы көйгөйлүү маселелерди чечүүгө өбөлгө болот. Изилдөөнүн материалдарын жалпы билим берүүчү орто мектептер, орто жана жогорку окуу жайлары үчүн окуу китептерин, атайы курстарды даярдоодо колдонсо болот.


## РЕЗЮМЕ

**диссертации Карабаевой Кипаризы Нурдиновны на соискание ученой степени кандидата исторических наук по специальности 07.00.02 – отечественная история на тему: «Положение и роль женщин в общественной жизни Кыргызстана (1991-2021)»**

**Ключевые слова:** женщины, глобализация, транснациональные корпорации, активность, предпринимательство, экономическая трансформация, радикальные изменения, деградация.

**Цель диссертации:** анализ положения и роли женщин в экономике, социальной, политической жизни Кыргызстана в годы независимости (1991-2021гг.).

**Объект исследования:** положение и роль женщин в общественной жизни Кыргызстана в 1991-2021 годах.

**Предмет исследования:** условия, тенденции и закономерности, определяющие место и роль женщин в общественной жизни Кыргызстана за 1991-2021 годы в промышленности, в сельском хозяйстве, в социально-культурной жизни, в гражданском обществе.

**Методы исследования:** совокупность методов в исторической науке, применяемых при анализе исторических процессов – теоретико-методологическую основу диссертации составили попытки автора руководствоваться принципами историчности, диалектического единства, системно-структурного и сравнительного подходов.

**Научная новизна исследования.** Положение и место женщин в общественной жизни Кыргызстана (1991-2021 гг.) впервые в современной Кыргызской историографии было взято под комплексное исследование на диссертационном уровне. При финансировании транснациональных корпораций, в процессе трансформации экономики было изучено положение женщин и проанализированы активные предприниматели и владельцы собственности среди женщин. Было показано, что Кыргызская Республика становится транзитной страной происхождения транснациональной торговли женщин в рабство. Транснациональные корпорации через международные и донорские организации способствовали созданию неправительственных организаций, женщины в которых составляли большинство. Проанализированы насилие в семье, увеличения числа изнасилования

несовершеннолетних девочек, феномен раннего материнства в условиях трансформации общества.

**Практическое значение исследования.** Основные положения, результаты, выводы исследования будут способствовать более широкому представлению о положении и роли женщин в общественной жизни Кыргызстана в годы независимости, решению проблемных вопросов в данном направлении. Материалы исследования могут быть использованы при подготовке учебников, спецкурсов для общеобразовательных средних школ, средних и высших учебных заведений.

## RESUME

**of Karabayeva Kipariza`s thesis "Status and role of women in spciety of Kyrgyzstan (1991-2021 years)" 07.00.02 – to obtain a PhD degree in the field of national history.**

**Key words**: women, globalization, transnational corporations, civic activism, entrepreneurship, economic transformations, radical changes, degradation.

**Research goal**: To analyze the role and position of women in economy, social and political life during the years of independence of Kyrgyzstan (1991-2021).

**Object of the research**: Status and role of women in the society of Kyrgyzstan in 1991-2021

**The subject of the study:** the conditions, trends and laws that determine the place and role of women in the industrial, agricultural, socio-cultural, civic sectors of Kyrgyzstan`s society in 1991-2021.

**Methodology**: the set of methods in historical science used in the analysis of historical processes - the theoretical-methodological basis of the dissertation was guided by the principles of historicity, dialectical unity through use of systemic-structural and comparative methods.

**Scientific novelty of the study.** The status and role of women in the society of Kyrgyzstan (1991-2021) is the first comprehensive study at the dissertation level in modern Kyrgyz historiography. Based on the financing of transnational corporations, the situation of women in the process of economic transformation was studied, active entrepreneurs and industry owners among women were analyzed.
It was shown that the Kyrgyz Republic is becoming a country of origin and transit of transnational trade of women into slavery. Transnational corporations, through international and donor organizations, have facilitated the creation of non-governmental organizations, mostly women. In the context of the transformation of the society, domestics violence intensified, the rape of young girls, the phenomenon of early motherhood appeared and was analyzed in this study.

**Practical significance of research.** The main provisions, results, and conclusions of the research will help to show in more detail the position and role of women in the society of Kyrgyzstan in the years of independence, and to solve problematic issues in this field. Research materials can be used in the preparation

of textbooks for general secondary schools, higher education institutions and non-degree courses.